*Ташибекова З.М., Молдалиева Ж.Н.*

# БЕШ-ТАШ УЛУТТУК МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫНЫН ОМУРТКАЛУУ ЖАНЫБАРЛАРЫНЫН БИОЦЕНОЗГО БӨЛҮНҮШТӨРҮ

*Ташибекова З.М., Молдалиева Ж.Н.*

# РАСПРЕДЕЛЕНИЕ ПОЗВОНОЧНЫХ ЖИВОТНЫХ НА БИОЦЕНОЗЫ ГОСУДАРСТВЕННОГО НАЦИОНАЛЬНОГО ПРИРОДНОГО ПАРКА БЕШ-ТАШ

*Z.M. Tashibekova, Zh. N. Moldalieva*

# THE DIVISION OF VERTEBRAL ANIMALS TO BIOSENSORS OF BESH- TASH NATIONAL STATE NATURE PARK.

*УДК:598.2.9*

*Жазылган статьяда биздин изилдөө объектилерибизди омурткалуулар түзгөндүктөн, негизинен канатуулар классынан башка балыктар, жерде-сууда жашоочулар, сойлоп жүрүүчүлөр, сүт эмүүчүлөр класстарынын түрлөрүнө карата биоценоздор боюнча талдоолорду киргиздик.*

***Негизги сөздөр:** биоценоздор, зоология, омурткалуулар, зоналдуулук, сойлоп жүрүүчүлөр, жерде-сууда жашоочулар, балыктар*

*В данной статье проводится исследование биоценотического распределения позвоночных, был проведен анализ по видам классов рыб, земноводных, пресмыкающихся и млекопитающих.*

***Ключевые слова:** биоценозы, зоология, позвоночные, зональность, рептилии, земноводные, рыбы*

*In this article according to our research vertebras are formed. Basically from class of birds we added analysis about biosensors according to the types and class of fish, sea animals, reptiles and mammals.*

***Key words:** biocenozy, zoology, vertebral, zonality, napaceous, amphibious, finfishess*

Биоценоздун түзүлүшүнүн дагы бир негизги көрсөткүчүн түрдүк ар түрдүүлүк түзгөндүктөн парктын кайсы биоценозу омурткалуулардын түрлөрүнө бай экендигине да талдоо жүргүзүүнү максат кылдык.

Ошентип, Беш-Таш жаратылыш паркынын жандуу чөйрөсүнө байкоолорду жүргүзүү жана талдоолордун негизинде, ал төмөндөгү биоценоздордон тураарын аныктадык:

1. Беш-Таш көлмөсүнүн биоценозу (Беш-Таш көлмөсү, андан чыккан жана ага куйган суу тутумдарынан турат).

2. Беш-Таш көлмөсүнүн биоценозунун чегинде өз алдынча бийиктик алкактуулукту түзбөстөн мозаика түрүндө 1500-2800 метр бийиктикте. Орто тоолуу талаа жана шалбаалуу талаа биоценозу.

Бул биоценоздордо канаттуулар классынан башка омурткалуулардын таралышын бөлүштүрүлүшүн аныктоодон мурун алардын түрдүк курамын адабияттык маалыматтардын жана жеке байкоолорубуздун негизинде кайрадан тактап чыкттык. Алынган маалымат төмөндө таблица 1.1де берилген.

Бул таблицада Беш-Таш жаратылыш паркынын биотопторунун тиричилик-мейкиндиги кылып, бири-бири менен тыкыз экологиялык байланышта тиричилигин өткөзгөн канатуулардан башка омурткалуулардын түрдүк курамы келтирилген. Алардын ичинен биологиялык ар түрдүүлүгү эң жогору-сүт эмүүчүлөр 31 түр болсо, эң төмөнкү биологиялык ар түрдүүлүккө жерде сууда жашоочулар (2 түр) ээ. Жаратылыш паркынын омурткалууларынын биологиялык ар түрдүүлүгүнүн үлүшү класстардын денгээлинде төмөндөн диаграмма 1.1 де берилген.

Омурткалуулардын түрдүк курамдары эле кайрадан тактaлбастан, алардын биоценоздорго бөлүнүштөрү биринчи жолу талдануу менен биоценоздордо таралыштары аныкталды (Таблица 1.1). Омурткалуулардын бөлүнүштөрү жеке байкоолорубуздун жана эгерлер; Соронбаев А.К., Асанкулоав Т.И., Кентаев Н.Т токойчулар; Эшимбаев К.Б, Кубанов Н.О, Акматалиев Т.Ё, Уметалиев А.Н, МинбаевА.Б., жергиликтүү калкта суроо-жооп (анкета) өткөзүүнүн негизинде далилденди.

*Диаграмма 1.1*

**Беш-Таш Улуттук жаратылыш паркынын омурткалууларынын биологиялык ар түрдүүлүгү (канаттулардан башка) класстардын деңгээлиндеги үлүшү**



*Таблица 1.1*

**Беш-Таш жаратылыш паркынын биоценоздоруна омурткалуулардын бөлүнүштөрү (канатуулардан башкасы).**

| Биоценоздор | Омурткалуулардын түрлөрү |
|---|---|
| 1 | 2 |
| Беш-Таш көлмө биоценозу (көлмөгө куйган жана көлмөдөн чыккан суу тутумдары менен бирге) | Талас чарбагы, Талас маринкасы, амударыя жилингери, көл бакасы,Талас көк чары, Талас ит чабагы, теректин ит чабагы, суу жылааны,суу суусары, данатин кур бакасы. Жалпысы 10 омурткалуулардын биримдигин түзүп турат.<br>Анын ичинен:<br>6 түр-балыктар классынан<br>2түр-жерде сууда жашоочулар классынан<br>1түр сойлоп жүрүүчүлөр классынан<br>1түр сүт эмүүчүлөр классынан |
| Орто тоолуу жана шалбалуу биоценозу 1500-2800м | Данатин кур бакасы, алай жайдак көзү, чөл жайдак көзү, көз темгил кескелдирик, ар түстүү кескелдирик, Карелин сойлогу, Кызыл темгил сызыктуу сойлок, ар түстүү сойлок, наардуу сойлок, ок жылаан, кара чаар жылаан, калкан тумшук, ийри кош аяк, үй чычканы, токой чычканы, көк кескек, кум чычканы, кыргыз момолой, кадимки сокур чычкан, Кызыл коен чычкан, коен, чон кулак кирпи чечен, суусар, арыс, арс чычкан, ачкүсөн, карышкыр, түлкү, Кичине түлкү, коомдошкон момолой, калдык тыйын чычкан, каш кулак, сүлөөсүн. Жалпы 33 түр омурткалуулар биотикалык биримдикте тиричилик өткөзөт. Анын ичинен<br>1 түр-жерде суудажашоочулардан<br>11түр-сойлоп жүрүүчүлөрдөн<br>21 түр-сүт эмүүчүлөрдөн турат |

Жаратылыш паркынын биоценоздорунда биологиялык ар түрдүүлүгү-сүт эмүүчүлөрдү түзүп турган омурткалуу жаныбарлардын түрдүк курамы боюнча талдоодо эн жогору. Беш-Таш көлмө биоценозунун омурткалууларынын түрдүк курамы боюнча биологиялык ар түрдүүлүгү эн төмөн 10 гана түрдөн турат. Бул биоценоздогу трофикалык мамилелерди талдасак суу суусарынын жыштыгы көп болгондуктан балыктардын түрлөрүнүн жыштыгына кескин таасир тийгизүүдө. Омурткалуулардын класстарынын денгээлинде талдоонун жыйынтыгы бул биотоптон омурткалуулардын баардык класстарынын өкүлдөрүн кездештирүүгө боло тургандыгын айгенелейт. Биоартүрдүүлүк төмөндө диаграмма 1.2 де берилген.

*Диаграмма 1.2*

**Бешташ көлмө биоценозунун омурткалууларынын биологиялык ар түрдүүлүгү (канаттуулардан башкасы)-%**




**Орто тоолуу талаа жана шалбаалуу талаа биоценозу**: дениз денгээлинен 1500-2800м бийиктиктеги биотопто абиотикалык, биотикалык талабы окшош, муталистик протооперациялык, атаандаштык, трофикалык жана башка биотикалык мамилелерди түзүп тиричилигин өткөзгөн омурткалуу-

лардын ар башка түрлөрүнүн популяцияларынан түзүлгөн. Бул биоценоздо омурткалуулардын 33 түрүнүн Беш-Таш популяциясы жердейт. Алардын бир түрү жерде сууда жашоочулар классына кирген, кадимки жашыл кур баканын (Bufo viridis) полиплоиддик формасы данатин кур бакасынын популяциясы, сойлоп жүрүүчүлөр классынын 11 түрүнүн популяциялары жана сүт эмүүчүлөрдүн 21 түрүнүн популяциялары тиричилигин өткөзөт. Беш-Таш жаратылыш паркынын башка биоценоздоруна салыштырмалуу бул биоценоздо биологиялык ар түрдүүлүк эн жогору. Бул биологиялык ар түрдүүлүктүн жогорулугун сойлоп жүрүүчүлөр менен сүт эмүүчүлөрдүн ар башка түрлөрүнүн өкүлдөрү түзөт. Омурткалуулардын биоценоздогу класстар боюнча үлүшү төмөндө диаграмма 1.3 тө берилген.

*Диаграмма 1.3*

**Орто тоолуу талаа жана шалбалуу талаа биоценозунун омурткалууларынын класстардын деңгээлиндеги биологиялык биологиялык ар түрдүүлүгү %**




Бул биоценоздон башка омурткалууларга салыштырмалуу кум чычканын, кадимки сокур чычканын, кара чаар жылаандын, кыргыз момолоюнун өкүлдөрүн көбүрөөк кездештирүүгө болот, мындай өзгөчөлүк алардын кенири таралгандыгы айгинелейт.

Орто тоолуу талаа жана шалбаалуу талаа биоценозу жайылма токойлорунун жана карагайлуу бадалдуу карагай биоценозунун чектеринде мозаика түрүндө жайгашкандыктан омурткалуулардан ар түрлөрүнүн кенири байланышына алып келген. Бул жандуу бирдикти түзгөн омурткалуулар өзүнө тиешелүү биоэкологиялык өзгөчөлүктөрү менен айрымаланып турат.

Ири омурткалуулар; мисалы, ач күсөн, карышкыр, түлкү жана башкалардын популяциялары азыктануусуна карата, жыл мезгилдеринде биотоптордун ынгайсыз өзгөрүүлөрүнө карата, бир биоценоздон экинчи биоценозго которулуп кетишет. Алар ар бир биоценоздун биотопторунда өзүнө гана тиешелүү экологиялык чыдамдуулугуна жооп берген тиричилик мейкиндиктерин таап жашоо менен, айрымдарынын популяциясынын мейкиндиктик түзүлүшү чачыранды жайгашса, айрымдары азыгына карата, туутуна карата жыл мезгилине карата орун которуштурууга жөндөмдүү. Биоценоздун фонддук түрлөрүнө омурткалуулардын кемирүүчүлөрү; ири кош аяк, көк кескек, кум чычканы, кадимки сокур чычканы, жылаандардан: кара чаар жылаан, коён сымалдуулардан: таштуу ачык жерлерде гана кызыл коён чычкандын топторунун өкүлдөрү кирет. Омурткалуулардын трофикалык мамилесинен башка, биотоп үчүн, азыгы үчүн, түр ичиндеги жана түр аралык курч атаандаштык байкалган жок. Мындай өзгөчөлүктү бул биоценоздун омурткалууларынын популяцияларынын сандарынын толкундары, жыштыгы жыл мезгилдерине карата, ар бир түрдүн ички морфофизиологиялык өзгөчөлүгүнө карата, түрлөрдүн ортосундагы трофикалык ирээтке карата жана башка татаал өз ара байланыштар аркылуу табыгый тен салмактуулукта кармалып туруусу менен байланыштырабыз.

**Адабияттар**

1. Бобринский, Н.А. Определитель млекопитающих СССР [Текст] /Н.А.Бобринский, Б.А.Кузнецов, А.П.Кузякин.- М.: Просвещение, 1965.- 380 с.
2. Богданов, О.П. Экология пресмыкающихся Средней Азии [Текст] /О.П.Богданов.- Ташкент: Наука, 1965.- 310 с.
3. Вырыпаев, В.А. Волк в Киргизии [Текст]: эколого-геогр. очерк /В.А.Вырыпаев, Г.Г.Воробьев.- Фрунзе: Илим, 1983.- 95 с.
4. Выходцев, И.В. Вертикальная поясность растительности в Киргизии (Тянь-Шань и Алай) [Текст] /И.В.Выходцев.- М.: Изд-во АН СССР, 1956.- 84 с.
5. Гиляров, А.М. Популяционная экология [Текст] / А.М.Гиляров.- М.: Изд-во МГУ, 1990.- 190 с.
6. Владышевский Д. В. Значение трофических связей птиц и зверей в лесном биогеоценозе //Проблемы лесной биогеоценологии.- Новосибирск: Наука, 1980.- С. 23-28.

**Рецензент: д.б.н., профессор Б. Дженбаев**